| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>ӨЗГӨН РАЙОНУ<br><br>ТӨРТ-КӨЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>УЗГЕНСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТОРТ-КОЛСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Төрт-Көл айылдык кеңешинин VIII-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**2025-жылдын 14 -ноябры** **№ 87** **Жылалды айылы**

**Макаренко айылындагы З. Бечелов атындагы ички көчөнү капиталдык оңдоо (асфальт төшөө) долбооруна акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржылоого Макаренко айылындагы З. Бечелов атындагы ички көчөнү капиталдык оңдоо (асфальт төшөө) долбooруна акча каражатын бөлүп берүү жөнүндөгү Төрт-Көл айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы З. Осмоновдун 2025-жылдын 10–ноябрындагы №1395 сандуу билдирүүсүн карап, финансы, экономика, бюджет, экономикалык жактан өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо жана инвестиция маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 12-ноябрындагы корутундусуна ылайык Төрт-Көл айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Макаренко айылындагы З. Бечелов атындагы ички көчөнү капиталдык оңдоо (асфальт төшөө) долбооруна дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржылоого Төрт-Көл айыл өкмөтүнүн 2026-жылдагы бюджетинен капиталдык оңдоо 3111-беренесинен өздүк салым үчүн 674721,0 (алты жүз жетимиш төрт миң жети жүз жыйырма бир) сом бөлүнүп берилсин.
2. Макаренко айылындагы З. Бечелов атындагы ички көчөнү капиталдык оңдоо (асфальт төшөө) долбоорун иш жүзүнө ашыруу жагы Төрт-Көл айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы финансы, экономика, бюджет, экономикалык жактан өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо жан инвестиция маселелери боюнча туруктуу комиссияга милдеттендирилсин.

**Төрага** **М. Тажибаев**